## Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн 2015-жылдын январь-апрель айлары ичиндеги динамикасы

2015-жылдын январь-апрель айлары ичинде экономиканын өсүш арымы (УСКнын алдын ала маалыматы боюнча) 7,0 пайызды түзгөн (ал эми 2014-жылдын январь-апрель айларында - 5,0 пайыз), “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда ИДӨ 3,7 пайызга (2014-жылдын январь-апрель айларында - 4,2 пайызга) жогорулаган.

2015-жылдын апрель айында инфляция жылдык мааниде алганда 7,9 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын апрель айында ал 7,5 пайыз эле); ал эми базалык инфляция 7,4 пайыз чегинде калыптанган (2014-жылдын апрель айында - 7,8 пайыз).

АКШ долларынын алмашуу курсу 2015-жылдын баш жагынан тартып 2,0 пайызга өсүп, 1 АКШ доллары үчүн 60,0705 сомду түзгөн (2014-жылдын январь-апрель айларында – 9,6 пайыз).

Кароого алынган мезгил ичинде акча базасы 61 024,9 млн сомду түзүү менен 5,3 пайызга (2014-жылдын январь-апрель айларында – 4,9 пайызга) кыскарган, анын ичинде башка депозиттик корпорациялар камдарынын 12,2 пайызга көбөйүүсү шартында жүгүртүүдөгү акча каражаттары 7,6 пайызга азайган.

2015-жылдын апрель айына карата абал боюнча акча базасынын түзүмү төмөнкүчө түптөлгөн:

- жүгүртүүдөгү акча үлүшү 86,4 пайыз;
- башка депозиттик корпорациялар камдарынын үлүшү 13,6 пайыз.

Башка депозиттик корпорациялар камдарынын түзүмүндөгү милдеттүү камдар жыл башынан бери 6 902,5 млн сомду түзүү менен 3,1 пайызга, ал эми үстөк камдар – эки эсеге, 1 396,1 млн сомго чейин жогорулаган (2014-жылдын январь-апрель айларында милдеттүү камдар 8,2 пайызга, ал эми үстөк камдар - 44,0 пайызга өскөн).

Акча базасынын кыскарышы Улуттук банктын операциялары менен шартталган, алар 2015-жылдын январь-апрель айларында акча базасынын 6,9 млрд сомго кыскарышына алып келген. Ал эми Өкмөттүн операциялары тескерисинче, акча базасын 3,5 млрд сомго көбөйткөн.

2015-жылдын январь-апрель айларында акча базасына эң башкысы, Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасирин тийгизген:

- валюта интервенциялары акча базасынын 9,0 млрд сомго азайышына алып келген;

- кредиттик аукциондор – берилген каражаттардын дүң көлөмү январь-апрель айларында 850,0 млн сомду түзгөн;

- ички рынокто алтын сатып алуу - 149,8 млн сомго азайган.

Мындан тышкары Улуттук банк ушул мезгил ичинде арылтуу операцияларын ишке ашырган (ачык рынокто операциялар жана “овернайт” депозиттери), алардын орточо күндүк көлөмү 1,3 млрд сомду түзгөн.

2015-жылдын январь-апрель айларында таза чет өлкө активдери 2,2 пайызга (же 2 333,8 млн сомго) азайган, бул эң башкысы, таза эл аралык камдардын 2 743,3 млн сомго кыскарышынын эсебинен жүргөн. Валюта рыногунда АКШ долларын сатуу таза эл аралык камдардын кыскарышынын негизги себебинен болгон. Башка тышкы активдердин 331,0 млн сомго көбөйүүсү таза чет өлкө активдерине оң салым кошкон.

Дүң эл аралык камдар 2015-жылдын январь-апрель айларында 81,1 млн АКШ долларына төмөндөө менен 1 877,5 млн доллары чегинде калыптанган.

Таза ички активдер 2015-жылдын январь-апрель айларында 1 113,2 млн сомго азайган. Буга эң башкысы, таза ички кредиттин 4 383,9 млн сомго азайышы таасирин тийгизген. Капитал эсебинин 5 409,8 млн сомго төмөндөшү таза ички активдердин өсүшүнө салым кошкон (Улуттук банктын 3 777,0 млн сом өлчөмүндөгү пайдасын мамлекеттик бюджетке чегерүү).

## Акча топтомдорунун өзгөрүүсү

Банктардан тышкаркы нак акчадан жана улуттук валютадагы[1] депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2015-жылдын январь-апрель айларында 7,2 пайызга азайып, 76 462,7 млн сомду түзгөн (2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде – 4,0 пайыз).

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы кароого алынган мезгил ичинде 0,7 пайызга азайып, 123 680,2 млн сомду түзгөн, бул эң башкысы, банктардан тышкаркы акчанын 6,4 пайызга, 48 559,1 млн сомго чейин кыскарышы менен шартталган (2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде М2Х 1,9 пайызга көбөйгөн эле).

М2Х акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкаркы нак акчанын үлүшү – 39,3 пайыз (2014-жылдын 1-майына карата – 47,5 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 22,6 пайыз (2014-жылдын 1-майына карата – 23,5 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 38,2 пайыз (2014-жылдын 1-майына карата – 29,1 пайыз).

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 12,0 пайызга өсүп, 47 217,5 млн сомду түзгөн. Мында алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – 9,3 пайызга өскөн, ал эми улуттук валютадагы депозиттер 8,5 пайызга, 27 903,6 млн сомго чейин кыскарган. Натыйжада, депозиттердин жалпы көлөмү 2015-жылдын январь-апрель айларында 3,4 пайызга өсүп, 75 121,1 млн сомду түзгөн (2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде – 9,6 пайызга).

М2Хте камтылган депозиттердин долларлашуу деңгээли 2015-жылдын акырына карата 62,9 пайызды түзүп, жыл башындагы деңгээлге салыштырганда 4,9 пайыздык пунктка көбөйгөн.

*Экономикага кредит*[2] кароого алынып жаткан мезгил ичинде 9,4 пайызга өсүп, 89 848,7 млн сомду түзгөн, ал эми алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – ал 8,2 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-апрель айларында экономикага кредит, тиешелүүлүгүнө жараша 17,3 жана 11,5 пайыздык өсүшкө ээ болгон).

Өтүп жаткан жылдын январь-апрель айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 5 386,1 млн сомго (5,0 пайызга) азайып, 103 203,5 млн сомду түзгөн.

Апрель айынын акырына банк тутумунун таза ички активдери 4 521,9 млн сомго (28,3 пайызга) жогорулап, 20 476,7 млн сом чегинде катталган.

Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык, апрель айынын акырында эсептик чен 11,0 пайыз деңгээлинде белгиленген (өтүп жаткан жылдын январь айынын акырындагы деңгээлге салыштырганда өзгөрүүсүз калган). Ушундан улам, "овернайт" кредиттери жана депозиттери боюнча пайыздык коридордун жогорку жана төмөн чендери, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,00 жана 5,00 пайыз деңгээлинде өзгөрүүсүз калган.

Өтүп жаткан жылдын апрель айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 11,00 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 1-майга карата 2,027ни, ал эми М2 мультипликатору – 1,253 чегинде катталган (2014-жылдын 1-майына карата – тиешелүүлүгүнө жараша 1,771 жана 1,256).

Апрель айынын акырына М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 29,6 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 20,0 пайызды түзгөн (2014-жылдын апрель айынын акырына – тиешелүүлүгүнө жараша 31,6 жана 23,4 пайыз).

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

Экономикалык өсүштөн улам экономикада акча массасынын көлөмүнүн кыскаргандыгына байланыштуу, акча жүгүртүү ылдамдыгы өтүп жаткан жылдын баш жагындагы деңгээлге салыштырганда 0,1 пайызга өсүп, апрель айынын акырына карата 3,4 пайызды түзгөн (М2Х боюнча).

---

[1]Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери

[2]Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдарга, юридикалык жактарга жана башка финансы-кредит мекемелерге кредиттер.

Улуттук банктын кассасына январь-апрель айлары ичинде 21 207,7 млн сом келип түшкөн, 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 3 846,2 млн сомго же 15,3 пайызга азайган, ал эми берүүлөр 3 784,5 млн сомго же 18,3 пайызга азайып, 16 853,7 млн сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына январь-апрель айлары ичинде 301 843,3 млн сом келип түшкөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда ал 21 807,0 млн сомго же 7,8 пайызга көбөйгөн, ал эми берүүлөр 21 056,4 млн сомго же 7,6 пайызга көбөйүп, 298 748,1 млн сомду түзгөн.

Төлөм системасында өтүп жаткан жылдын январь-апрель айларында финансылык тобокелдик деңгээли минималдуу чекте сакталып турган. Апрель айынын акырына жүгүртүү коэффициенти 0,31ди, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти – 2,54тү түзгөн.